5.22

| МАКУЛДАШЫЛДЫ | БЕКИТЕМ |
| --- | --- |
| И. Раззаков атындагы КМТУнун | И.Раззаков атындагы КМТУнун |
| Кесиптик бирлик комитетинин төрайымы | ректору |
| ________ Абылаева А.А. | ________ Чыныбаев М. К. |
| "____________ 202__ ж. | ______________202___ ж. |

# НУСКАМА
## кафедрада иштерди жана практикалык сабактарды өткөрүүсүндө эмгекти коргоо боюнча

**1. Жалпы талаптар.**

1.1. Кафедрада иштөөгө жашы 18 жаштан кем эмес, университеттин Коопсуздук техникасы, эмгекти коргоо жана жарандык коргонуу бөлүмүндө Киришүү нускамасынан жана кафедра башчысы өткөргөн Жумуш ордундагы нускаманы өткөн адамдарга уруксат берилет (сабактарды өткөрүүдө окутуучу студенттер менен нускаманы өткөрүп туруп сабакты баштайт).

1.2. Иш тартиби:

Иштин башталышы – 9:00
Иштин аягы – 17с.45мүнөт.
Тыныгуу – 13:00мүнөт. – 13:45мүнөт.
Дем алыш күндөрү: ишемби, жекшемби.
Сабактарды өткөрүү: график боюнча.

1.3. Консультациялар, кошумча сабактар окутуучунун пландары боюнча.

1.4. Окутуучу милдеттүү:

- эмгекти коргоо жана өндүрүштүк санитария талаптарын сактоого;
- ички тартип эрежелерин сактоого;
- жеке жана жамааттык коргонуу каражаттарын туура колдонууга;
- коопсуз иштөө ыкмалары боюнча окутуудан өтүү;
- эмгекти коргоо боюнча жана эмгекти коргоо эрежелерин жана ченемдеринин билимин текшерүү үчүн нускамадан өтүп турууга;
- адамдардын өмүрүнө жана ден соолугуна коркунуч туудура турган ар кандай кырдаал жөнүндө жетекчиликке токтоосуз билдирүүгө;
- алдын ала (ишке кирүүдө) жана мезгил-мезгили менен медициналык кароодон өтүүгө милдеттүү.

**2. Ишти (сабакты) баштоонун алдында коопсуздуктун талаптары :**

2.1. Ишти баштоонун (сабакты өткөрүүнүн) алдында электр жабдууларынын жана аспаптарынын оң экендигин текшерип алуу керек;

2.2. Жумуш ордунун өрт коопсуздугунун эрежелерине ылайык келишин текшер;

2.3. Алгачкы өрт өчүрүү каражаттарынын курамын, кокусунан өрт чыгып калса өзүнүн аракеттерин жана эвакуация жолдорун тактап кой.

**3. Жумуш учурунда коопсуздук талаптары:**

3.1. Иш учурунда (сабакты өтүүдө) тыюу салынат:

- өз колу менен жасалган электр приборлорун жана шаймандарын, ошондой эле изоляциясы бузулгандарын жана текшерилип күбөлөндүрүүдөн өтпөгөн шаймандарды пайдаланууга;
- от жагууга жана ачык от жагуучу приборлорду колдонууга (оттуктар, примус ж. б.);
- окуу имаратын ичинде жана айлана чөйрөсүндө тамеки тартууга;
- компьютерде суткасына 4 сааттан ашык иштебөөгө.

3.2. Бузулууларды оңдоо иштерине адистерди тартпастан өз алдынча жүргүзбө.

3.3.Практикалык сабактарды баштоонун алдында (лабораторияда - лабораториялык иштерди жүргүзүүдө) студенттерден жумуш ордунда алдын ала максаттуу нускаманы өткөрүп, каттоо журналына жазмайынча сабакты баштаба.

**4. Өзгөчө кырдаалдарда коопсуздук талабы:**

4.1. Өрт чыгып калса "101, 112" телефонуна чалып, күзөтчүлөргө кабарлап жана вахтердон өрт өчүргүчтөрдү алуу керек.

4.2. Өрттү өчүрүүгө карата чараларды көрүп жана зарыл болгон учурда эвакуациялоо планына ылайык адамдарды эвакуациялоону жүргүз. Баарын коопсуз жерге алып бар. Эвакуациялоо планы окуу имараттын ар бир кабатында жайгашкан.

4.3. "Баарыңар көңүл бургула!"деген сигнал келгенде (Жарандык коргонуунун телефон аркылуу алынган сигналы же тез-тез тынымсыз чалуулар) имараттан белгиленген коопсуз жерге чыгып кет.

**5. Жумушту (сабакты) аяктоодо коопсуздук талабы:**

5.1. Жумуш (сабак) ордун тазала .

5.2. Приборлорду өчүр, жарыкты өчүр.

5.3. Бөлмөнүн ачкычын вахтага тапшыр.

Университеттин Коопсуздук техникасы, эмгекти коргоо жана жарандык коргонуу бөлүмүндө алгачкы нускалоону жана кафедра башчысы тарабынан өткөрүлүүчү Жумуш ордунда нускалоодон өтүп журналга катталбаган кызматкерге, айкалыштырып иштеген студенттерге жана командировкага жиберилген адамдарга ишке киргизүүгө катуу тыюу салынат.

**Кафедра башчысы** _______________

**Макулдашылды:**
**КТЭК жана жарандык коргонуу**
**бөлүмүнүн башчысы** **Мусакожаев З.Т.**

Макулдашылды
Биринчи Май райондук
өзгөчө кырдаалдар бөлүмүнүн башчысы

подполковник Ө. Чоконбаев
"____"______________2024

БЕКИТЕМ
И.Раззаков атындагы
КМТУнун ректору

Чыныбаев М.К
______________2024

# Нускама
# өрт коопсуздугунун чаралары жөнүндө
# Компьютердик класстар үчүн.

## 1.Жалпы жоболор

1.1. Бул компьютердик класстагы өрт коопсуздугунун чаралары жөнүндө нускама (мындан ары — нускама). "Өрт коопсуздугу жөнүндө" мыйзамга, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 22-августундагы № 381- "Ишканалар, уюмдар, мекемелер жана турак жай фонддору үчүн өрт коопсуздугунун эрежелери"токтомуна ылайык иштелип чыккан.

1.2. Университеттин бардык кызматкерлери жана студенттери университеттин имараттарында жана аймагында өрт коопсуздугунун эрежелерин билүүгө жана так сактоого милдеттүү.

1.3. Компьютердик класста өрт коопсуздугу үчүн жооптуу адам түзүмдүк бөлүмдүн жетекчисинин буйругу менен дайындалат.

1.4. Өрт коопсуздугу үчүн жоопкер адамдын **милдеттери:**

- нускоолорду каттоо журналына жазуу менен нускоолорду өткөрүп турат:
- 1-курска тапшырган студенттер үчүн сабактар башталаар алдында баштапкы нусколоону өткөрүүгө;
- кайталоо нускамасын-жарым жылда 1 жолудан кем эмес өткөрүп туруугa;
- жылытуу приборлорунун, электр түзүлүштөрүнүн, техникалык жабдуулардын оң абалда экендигине көз салууга жана табылган бузулулууларды ондоп четтетүү боюнча токтоосуз чараларды көрүүгө;
- жумуш орундарынын тазаланышына, жабдуулардын өчүрүлүшүнө көз салууга;
- өрт өчүрүү каражаттарын оң абалда турушуна жана керек учурда колдонууга дайыма даяр абалда кармоону камсыз кылууга.

1.5. Өрт коопсуздугунун талаптарын бузгандыгы үчүн жоопкерчилик белгиленген тартипте өрт коопсуздугун камсыз кылуу үчүн жооптуу болуп дайындалган адамга жана өз компетенциясынын чегинде кызмат адамдарына да жүктөлөт.

## 2. Класстарды күтүү

2.1. Компьютердик класстын көрүнүктүү жеринде "Өрт учурунда 101, 112 чал», жана "Өрт коопсуздугуна жоопкердин аты-жөнү" жазылган эскертме илинип турсун;
2.2. Компьютердик класстын бөлмөсү дайыма таза жана тыкан болушу керек;
2.3. Компьютердин жанындагы столдо ишке тиешеси жок буюмдарды коюуга тыюу салынат.
2.4. Жумуш орундарына өтмөктөрдүн туурасы 1 метрден кем болбошу керек;

2.5. Компьютердик класс өрт өчүрүүнүн баштапкы каражаттары менен камсыздалынсын;
2.6. Өрт өчүрүү каражаттары оң, таза жана толук даярдыкта сакталууга тийиш. Өрт өчүргүч компьютердик класстын эшигинен 0,5м жакын эмес 1,5 метрден ашпаган бийиктикте жайгаштырылат;
2.7. Электр жабдууларына, өрт өчүрүүнүн баштапкы каражаттарына, эвакуациялоо жолдоруна чыгуучу жерлер дайыма бош болууга тийиш;
2.8. Компьютердик класстагы бардык электр приборлорун орнотуу жана туташтыруу электр энергетика кызматы менен макулдашылышы керек;
2.9. Жумуш бүткөндөн кийин өрт коопсуздугу үчүн жооптуу адам технологиянын талабы боюнча күнү-түнү иштеп жаткан электр жабдууларынан тышкары болгон электр жабдууларын өчүрүү менен компьютердик классты карап чыгууга милдеттүү;
2.10. Электр токту берүү токтотулган учурда, бардык электр приборлору токтоосуз өчүрүлүшү керек.

### 3. Тыюу салынат

3.1. Эвакуациялык өтмөктөрдү, ошондой эле өрт өчүрүү каражаттарына, электр жабдууларына жакын жерлерди бүлдүрүүгө жана баш аламандыкка учуратууга;
3.2. Электр энергиясын кабыл алгычтарды даярдоочу ишканалардын көрсөтмөлөрүнүн талаптарына жооп бербеген же өрткө алып келе турган бузулуусу бар шарттарда колдонууга;
3.3. Электр зымдары жана кабелдери бузулган же изоляциясы коргоочу касиеттерин жоготкон зымдар жана кабелдер менен иштетүүгө;
3.4.Ашыкча жүктөөдөн жана кыска туташуудан коргоочу калибрленбеген эригич кыстармаларды (предохранитель) же башка колго жасалган аппараттарды колдонууга;
3.5. Бузулган электр розеткаларын, рубильниктерин жана башка электр монтаждоо буюмдарын колдонууга;
3.6. Электр лампаларды жана шам чырактарды кагаз, кездеме жана башка күйүүчү материалдар менен ороого, ошондой эле шам чырактын конструкциясында каралган капкалары (чачыраткычтары) алынып салынган шамчырактарды пайдаланууга;
3.7. Электр чайнектерин жана башка электр жылытуучу приборлорду пайдаланууга;
3.8. Тамеки тартуу жана ачык отту колдонууга;
3.9. Жумуш ордун, электр шаймандарын кароосуз калтырууга;
3.10. Электр жылытуучу приборлорду өзүм билемдик менен орнотууга;
3.11.Штепселдердин жана вилкалардын, туташтыруучу шнурлардын жана кабелдердин ток өткөрүүчү бөлүктөрүнө тийүүгө;
3.12.Жумуш ордун кагаздар менен толтуруп баш аламандык салууга жол берүүгө;
3.13.Системалык блоктун, монитордун, принтерлердин жана башка шаймандардын бетине нымдын (суунун) тийишине жол берүүгө;
3.14. Жабдууларды ачууну жана оңдоо иштерин өз алдынча жүргүзүүгө.

### 4. Өрт учурундагы аракеттер

4.1. Университеттин ар бир кызматкери Өрт же күйүү белгилери (Түтүн таралышы, күйүү жыты) пайда болгондо төмөнкүлөргө милдеттүү:
- бул тууралуу өрткө каршы кызматына "101, 112" телефону аркылуу дароо кабарлоого (билдирүүдө эмне күйүп жатканын, объекттин дарегин, эл тууралуу маалыматты, имараттын кабаттуулугун, өзүнүн аты-жөнүн көрсөтүү керек);
- саат жана коопсуздук боюнча өрт жөнүндө кабарлоо;
- түзүмдүк бөлүмдүн жетекчисине билдирүүгө;
-адамдарды эвакуациялоону баштоо, эвакуацияланганддардын санын аныктоо;
-мүмкүн болушунча өрттү өчүрүүнүн баштапкы каражаттары менен (өрт өчүргүч, кум, кийиз) өз өмүрүн жана башка адамдардын өмүрүн коркунучка салбастан өчүрүүнү уюштуруу;

- өзүнүн жана башка адамдардын өмүрүн коркунучка салбастан документтерди, материалдык баалуулуктарды эвакуациялоо жана алардын сакталышын камсыз кылуу чараларын көрсүн;
- чакырылган өрт өчүрүү бөлүмүнүн жолугушуусун уюштуруу.

4.2. түзүмдүк бөлүмдүн жетекчиси же өрт коопсуздугу үчүн жооптуу адам төмөнкүлөргө милдеттүү:
-өрт өчүрүү кызматы чакырылганын белгилеңиз, эгерде өрт өчүрүү кызматы келбесе,чакырууну кайтала;
-адамдарды эвакуациялоо жана материалдык баалулуктарды куткаруу жүргүзүлгөндүгүн текшер;
- зарыл болсо, имараттагы электр энергиясын өчүрүү үчүн көмөкчү электрикти чакыр;
-өрт өчүрүүгө байланышпаган жайларда бардык иштерди токтотуп жана өрттү өчүрүүгө катышпаган бардык адамдарды коопту зонадан тышкары чыгаруу;
-өрт өчүрүү бөлүмү келгенден кийин обьектин конструкциялык жана технологиялык өзгөчөлүктөрү жөнүндө өрт өчүрүүчү жетекчиге билдир.

**<u>Макулдашылды:</u>**

**АЧИ проректору** **А.Т.Асиев**

**КТЭК жана жарандык коргонуу бөлүмүнүн башчысы** **З.Т.Мусакожаев**

**КМТУнун профсоюз уюмунун төрайымы** **А. А.Абылаева**

Башкы инженер Т.И. Бейшекеев

Макулдашылды
КМТУнун Профсоюздук уюмунун
төрайымы А. А. Абылаева
"____"________________2023 ж.

БЕКИТЕМ
И.Раззаков атындагы КМТУнун
ректору М.К.Чыныбаев
________________2023 ж.

**Педагогикалык кадрларды эмгекти коргоо боюнча**
**НУСКАМА**

## 1. Эмгекти коргоонун жалпы талаптары

1.1. Бул нускама педагогикалык персонал үчүн кызматтык милдеттерди аткаруусунда, кызматтык жайларда, жумуш орундарында жана университеттин аймактарында эмгекти коргоо талаптарын белгилейт.

1.2. Көрсөтмөлөр төмөнкү кызматтарга тиешелүү: профессор, доцент, ага окутуучу, окутуучу. Мугалимдин милдеттерин аткарууга адамдар эмгекти коргоо боюнча өткөрүлүүчү алгачкы нускаманы өтүп жана жумуш ордунда өткөрүлүүчү баштапкы киришүү нускаманы өткөндөн кийин уруксат берилет.

1.3. Педагогикалык иштерди аткарууда төмөндөгү зыяндуу жана коркунучтуу өндүрүштүк факторлордун таасири болушу мүмкүн:
- ПКнын иштөөсүндө электромагниттик, жумшак рентген, ультрафиолет жана инфракызыл нурлануунун деңгээлинин жогорулануусунан же алардын нейтралдуу коргоочу өткөргүчтөрүнүн схемасынын бузулуусунан;
- электр зымдарынын приборлордун электр шнурларынын, туташтыргыч кабелдердин изоляциясы,жана ПК изоляциялоочу корпустары, ПКнын перифериялык орундамалары, оргтехника каражаттары, кондиционерлер ж.б. жабдуулар бузулганда алардын электр чынжырындагы коркунучтуу бузулуулардан кыска туташуунун (кз) мүмкүн болушу;
- жумуш ордунда абанын температурасынын жогорулашы же төмөндөшү, абанын нымдуулугунун жогорулашы, иш зонасын жетишсиз жарыктандыруулусу;
- физикалык, нерв-психикалык жана эмоционалдык ашыкча жүктөөлөр, көрүү анализаторлорунун ашыкча жүктөлүшү;
- бийиктиктен (шкафтардан, текчелерден) кулаган буюмдар, полго түшүп калган кагаз калдыктарын басып алууда же жуулгандан кийин кургап сүртүлбөгөн полго жылмышууда, алардын натыйжасында полго жыгылганда жакын турган эмеректерден жаракаттануу мүмкүн экендигин жокко чыгарууга болбойт;
- өрттүн чыгуусунан күйүү продуктулары бөлүп чыгарган заттардан уулануунун пайда болушу;
- башка жагымсыз факторлор.

**1.4. Ар бир административдик жана башкаруучу кызматкер төмөнкүлөргө милдеттүү:**

1.4.1. Эмгек келишиминде жана кызматтык нускамада каралган өзүнүн квалификациясына ылайык келген иштин түрлөрүн гана аткар;
1.4.2. Зарылчылыкка жараша, жумушта бар болгон компьютерди жана оргтехниканы, ошондой эле жумушта колдонулган башка инструменттер менен аппараттарды (факс машиналары, ксерокс ж.б.у.с.) иштетүү боюнча нускамаларды түшүнө билгенден кийин колдон.
1.4.3. Кызматтык жана өндүрүштүк нускамалардын талаптарын, эмгекти коргоо жана өрт коопсуздугунун чаралары боюнча нускамаларды, ички эмгек тартибин дайыма сактап аткар.
1.4.4. Жумушта иш ордунда өз максаты боюнча гана жана иштөөгө жарактуу бузулуп сынбаган эмеректерди, жабдууларды, оргтехниканы жана башка пайдалануучу жабдууларды гана колдон.
1.4.5. Биринчи жардам көрсөтө бил.

1.4.6. Алгачкы өрт өчүрүүчү жабдууларды кантип колдонууну бил.
1.4.8. Жеке гигиена эрежелерин сакта.
1.4.9. Сиздин ден соолугуңуздун начарлашы жөнүндө түздөн-түз жетекчиңизге кабарлаңыз.

1.5. Жумуш убактысы, жумушта белгиленген тыныгуулар, эс алуу жана тамактануу үчүн тыныгуу убакыттары университеттин колдонуудагы эмгекти коргоо нускамасында жана ички эмгек тартибинин эрежелери менен аныкталат.

1.6. Мугалимдин коргоо каражаттары:
- зымдарды жана кабелдерди, жабдуулардын ток өткөрүүчү бөлүктөрүн жана чыңалуу астында пайда болушу мүмкүн болгон жабдуулардын бөлүктөрүн изоляциялык коргоо;
- компьютердин экранынына орнотулган коргоочу экран чыпкасы.
Компьютерде иштөө үчүн атайын спектралдык көз айнек колдонуу сунушталат.

1.7. Кырсыктар, өндүрүштүк жаракаттар, ошондой эле эмгекти коргоо талаптарынын бузулушунун ар бир учуру алардын себептерин аныктоо келечекте аларды болтурбоо боюнча чараларды көрүү үчүн талдануга же изилденүүгө тийиш.

1.8. Эгерде профессордук персонал (окутуучу) эмгекти коргоо, өрт коопсуздугунун талаптары жана өндүрүштүк санитария боюнча милдеттерин аткарбагандыктан ал кырсыкка, бузулууга же өрткө алып келиши мүмкүн же алып келген болсо жана университетке же жеке адамдарга зыян келтирилсе, өзүнүн кызматтык нускамаларына ылайык дисциплинардык жана материалдык жоопкерчилик тартат.

## 2. Жумушка киришер алдында эмгекти коргоо талаптары.

2.1. Жумуш ордунда учурдагы ишти аткарууга талап кылынбаган бөтөн нерселерди (коробкалар, баштыктар, папкалар, китептер ж.б.) алып салыңыз.
2.2. Тышкы текшерүүдө оргтехниканын электр зымдары жана корпустарында механикалык бузулуулар жок экендигин карап, жана ошону менен бирге башка электр зымдарында, кабельдер, электр розеткалары, электр өчүргүчтөр, лампалар, кондиционерлер жана башка жабдууларда да механикалык бузулуулар жок экендигин текшериңиз.
2.3. Жумуш ордунда жабдууларды текшер, эмеректин (столдун, отургучтун) сынбаганын жана ыңгайлуу жайгашкандыгын, жумушка зарыл болгон материалдар жумуш ордунда ыңгайлуу жайгаштырылгандыгын, жумуш орундарына өтмөктөр ачык бош экендигин текшергиле.
2.4. Компьютерлердин, перифериялык түзүлүштөрдүн, оргтехниканын, эмеректердин, приборлордун, электр зымдарынын жана башка электр кабелдер, электр розеткалары, электр өчүргүчтөр, лампалар, кондиционерлер, жана башка жабдуулардын бузулуулары аныкталганда, жабдууларды күйгүзбөңүз, жумушка кирбеңиз, техникалык персоналды чакырыңыз жана бул тууралуу түздөн-түз жетекчиге билдириңиз.
2.5. Жумуш орду жетиштүү жарыктандырылбаганын текшериңиз, эгерде аудиторияда же кеңседе жарык жетишсиз болсо кошумча лампаларды күйгүзүп же жергиликтүү жарыктандырууну уюштуруу керек, бул жумушту аткарып жатканда жарык булагы жумушчунун өзүнүн да, анын айлана чөйрөсүндөгүлөрдүн да көзүн сокур кылбашы үчүн.

## 3. Иш учурунда эмгекти коргоо талаптары.

3.1.1. Жумуш ордун таза жана тыкан кармаңыз, аны окуу китептери жана таратып берүүчү материалдар менен баш аламан болуусуна жол берилбесин.
3.1.2. Жумушчу өтүүчү өтмөктөрдү ачык кармаңыз, жабдыктарды жылуулук өткөрүүнү азайтуучу буюмдар, оргтехника жана башка жабдыктар менен толтурулбасын.
3.1.3. Оргтехниканын жана башка техникалык жабдуулардын ишке жарамдуулугун көзөмөлдө карма, аларды эксплуатациялоо эрежелерин жана иштин тиешелүү түрлөрү боюнча эмгекти коргоо нускамаларын сакта.
3.1.4. Эгерде сиз жумуш ордуңузда узак убакытка болбосоңуз, күнү-түнү иштөө үчүн арналган жабдууларды (факс аппараттары, тармак серверлери ж.б.) кошпогондо, оргтехниканы жана башка жабдууларды электр кубатынан ажыратылсын.
3.1.5. Кылдат бол, алаксыба жана башкаларды алаксытпа.
3.1.6. Эгерде басып чыгаруучу жабдууларда (принтер) кагаз барак (лента) тыгылып калса, баракты (лентаны) алып салуудан мурун процессти токтотуп, аппаратты кубаттан ажыратыңыз, техникалык персоналга телефон чалып кайрыл же бул тууралуу түздөн-түз жетекчиге билдирилсин.

3.1.7. Оргтехниканы жана башка жабдууларды розеткадан туташтыргычтан кармап гана ажыратылсын.
3.1.8. Жабдуулардын электр шнурларын, зымдарын жана кабелдерин тартып чоюга, бурмалоого, ийилүүсүнө жана кысылышына жол бербе, аларга кандайдыр бир нерселерди илип коюуга жана ысытылган беттер менен тийишүүгө жол берилбесин.
3.1.9. Эгерде жумушта дене тарбия тыныгуусу белгиленсе, тыныгуу учурунда көз, моюн, кол, тулку дене жана буттар үчүн сунушталган көнүгүүлөрү жасалсын.
3.1.10. Компьютердин, перифериялык түзүлүштөрдүн жана электр чыңалуудагы башка жабдуулардын беттерине ным кирүүгө жол бербе (электр шнурунун сайгычы электр розеткасына сайылып турганда).

***3.2. Жумуш учурунда жол берилбейт:***

- оргтехниканын жана башка жабдуулардын кыймылдуу бөлүктөрүнө тийүүгө;
- оргтехниканын алынып салынган жана бузулган капкактары менен иштөөгө;
- жумуш ордун жетишсиз жарыктандырууда иштөөгө;
- оргтехниканын жана башка жабдуулардын элементтерине нымдуу кол менен тийүүгө;
- интерфейстик кабелдерди алмаштырууга, оргтехниканын жана башка жабдуулардын корпустарын ачууга, ошондой эле аларды өз алдынча оңдоого;
- өндүрүштүк милдеттерди аткарууга байланышпаган үйдө жасалган электр приборлорун жана электр приборлорун колдонууга.

## 4. Өзгөчө кырдаалдарда эмгекти коргоо талаптары.

***4.1. Өзгөчө кырдаал болгон учурда университеттин окутуучусу төмөнкүлөргө милдеттүү:***

4.1.1. Ишти токтоосуз токтотуп, оргтехниканы жана башка электр жабдууларын электр кубатынан ажыратып, авариялык абалдын келип чыгышы жана анын мүнөзү жөнүндө түздөн-түз жетекчиге, ал жок болгон учурда институттун администрациясына билдирүүгө, зарыл болгон учурда кооптуу аймактан чыгып кетүүгө .
4.1.2. Эгерде бул окуяда кызматкерлердин ден соолугуна жана өмүрүнө коркунуч келтирбесе, жетекчинин жетекчилиги астында, түзүлгөн өзгөчө кырдаалды жоюуга катышат.
4.1.3. Оргтехниканы жана башка жабдууларды эксплуатациялоодо бузулуулар болгондо, ошондой эле электр тармактары бузулганда (күйгөндүн жыты, оргтехниканы жана башка жабдууларды иштетүүдө бөтөндобуш, же алардын корпустарына тийгенде электр тогунун сезилиши, жаркылдаган жарыктар ж.у.с.) оргтехниканы жана башка жабдууларды электр кубатынан ажыратып, техникалык персоналды чакыр жана бул тууралуу түздөн-түз жетекчиге билдирилсин.
4.1.4. Эгерде эмеректер жана шаймандар жараксыз деп табылса, аларды колдонууну токтотуп, техникалык персоналды чакыр жана бул тууралуу түздөн-түз жетекчиге(бөлүм башчы) кабарлансын.
4.1.5. Электр энергиясы убактылуу өчүрүлгөн учурда оргтехниканы жана башка электр жабдууларын электр кубатынан ажыратылсын.
4.1.6. Оргтехниканын жана жабдуулардын жана жумуш ордундагы жабдуулардын зыяндары жана бузулушу толук жоюлмайынча же авариялык абал жоюлмайынча жумушка киришпе.
4.1.7. Өрт чыккан учурда ишти токтот, өрткө каршы кызматты чакыр, оргтехниканы жана башка жабдууларды электр кубатынан ажыратып, жакын жердеги адамдарга өрт жөнүндө кабарла, адамдарды кооптуу аймактан эвакуациялоо боюнча чараларды көрүп жана өрттү эгерде өрттү өчүрүү мүмкүн болбосо өрт коопсуздугунун нускамаларына жана өрт болгон убакта эвакуация пландарына ылайык иш алып баруу менен кооптуу аймактан чыгарылсын.
4.1.8. Жеке коргонуу каражаттарын милдеттүү түрдө колдонуу менен порошок же көмүр кычкыл газы бар өрт өчүргүчтөрдү колдонуп менен өрттү өчүр .
4.1.9. Өндүрүштө кырсык болгон учурда башка кызматкерлер менен жабырлануучуга биринчи жардам көрсөтүп, аны медициналык пунктка же медициналык мекемеге жеткирүүгө жардам берип, зарыл болгон учурда окуя болгон жерге медициналык кызматкерлерди чакырылсын.
4.1.10. Өзүңдүн түздөн-түз жетекчиңе (кафедра башчысы, бөлүм башчы ) бирөөнүн башына түшкөн же анын күнөөсү менен болгон кырсык жөнүндө, ошондой эле өзүңөрдүн башка кызматкерлердин же башка сырттан келген уюмдун кызматкери катышкан кырсык жөнүндө күбө болгон учурда дароо кабарлансын.
4.1.11. Эгерде бул адамдардын өмүрүнө жана ден соолугуна коркунуч келтирбесе, окуя болгон жердеги кырдаалды сактоо боюнча чаралар көрүлсүн.

4.1.12. Кырсыкты иликтөөдө кызматкер окуянын ага белгилүү болгон бардык жагдайларын билдирүүгө милдеттүү.
4.1.13. Террордук актылар пайда болгондо же жасоо коркунучу пайда болгон учурларда , университеттин өзгөчө кырдаалдарда коопсуздук эрежелерине ылайык аракеттенилсин.
4.1.14. Кызматтык жайда эмгекти коргоо талаптарын өз алдынча жоюуга мүмкүн болбогон бузуулар аныкталса, ошондой эле кызматкердин же башка кызматкерлердин өмүрүнө же ден соолугуна коркунуч жаралса, бул тууралуу түздөн-түз жетекчиге кабарлап, ишти токтотуп, кооптуу аймактан чыгарылсын.

## 5. Иш аяктагандан кийин эмгекти коргоо талабы

Иштин аягында мугалим төмөнкүлөргө милдеттүү:
5.1. Күнү-түнү иштөөгө арналган жабдууларды (факс аппараттары, тармак серверлери ж.б.) кошпогондо, оргтехниканы жана башка жабдууларды электр кубатынан ажыратылсын.
5.2. Жумуш ордун тазалап, анын өрт коопсуздугуна өзгөчө көңүл бурулсун.
5.3. Ачылган терезени  жабылсын.
5.4. Жарыктар өчүрүлсүн.
5.5. Иш учурунда табылган кемчиликтер тууралуу кафедра башчысына же имаратынын комендантына билдирилсин.

**КТЭКЖКБ башчысы** **З.Т. Мусакожаев**

МАКУЛДАШЫЛДЫ
И. Раззаков атындагы КМТУнун
Кесиптик бирлик комитетинин төрайымы
_____________ Абылаева А.А.
"_____"_______________202___ж.

БЕКИТЕМ
И.Раззаков атындагы
атындагы КМТУнун ректору
_____________ Чыныбаев М. К
_______________202__ ж.

# НУСКАМА
## Компьютердик  класста иштеп, сабак өтүүдө эмгекти коргоо боюнча

### 1. Жалпы коопсуздук талаптары.

1.1. Персоналдык компьютерде иштөөгө эмгектин коопсуз усулдары боюнча окутуудан, алгачкы нускоолодон, жумуш ордунда нусколоодон өткөн адамдарга жол берилет.

1.2. Персоналдык компьютерди иштетүүдө кызматкерге төмөнкү кооптуу жана зыяндуу өндүрүштүк факторлор таасир этиши мүмкүн:

- электромагниттик нурлануунун деңгээлинин жогорулашы;
- статистикалык электрдин деңгээлинин жогорулашы;
- абанын иондошуусунун азайганы;
- статистикалык физикалык ашыкча жүктөм;
- көрүү анализаторлорунун ашыкча чыңалуусу.

1.3. Персоналдык компьютерде иштеген кызматкердин милдеттери:

- анын кызматтык нускамасы менен аныкталган ишти гана аткарууга;
- жумуш ордун тазалыкта крмоого;
- өрт коопсуздугунун чараларын сактоого;
- эмгектенүү жана эс алуу режимин эмгек ишинин узактыгына, түрүнө жана категориясына жараша сактоого, мында компьютерде иштөөнүн жалпы убактысы жумуш күнүнүн жарымынан аз болуп (4 сааттан аз), жана маалыматтарды компьютерге киргизүү жана окуу  40 000 белгиден ашпоого тийиш ;

1.4. Компьютерлери бар жумуш орундарында бир видеомонитордун экранынан экинчисинин артына чейинки аралык 2,0 м кем эмес, ал эми видеомониторлордун каптал беттеринин ортосундагы аралык 1,2 м кем эмес жайгаштырылууга тийиш.

1.5. Табигый жарык персоналдык компьютердин капталына, негизинен сол жактан түшүп тургандай болуп  жайгаштырылышы керек.

1.6. Персоналдык компьютерлер орнотулган жайлардагы терезе жалюз, парда, сырткы козырек ж. б. ар түрдүү жөнгө салынуучу түзүлүштөр менен жабдылууга тийиш.

1.7. Компьютердик техниканы коюп пайдалануу үчүн колдонулуучу эмерек (стол) төмөнкү талаптарга жооп бериши керек:

- столдун бетинин полдон бийиктиги 68,0 - 80,0 см ченинде жөнгө салынат, мындай мүмкүнчүлүк болбогон учурда столдун бетинин бийиктиги 72,5 см болушу керек;

- столдо отурган адамга иштөө шарты кенен ыңгайлуу болушу үчүн столдун астында бүгүлгөн буттун тизеге чейинки бийиктиги 60,0 см ден кем эмес, тизенин ичкери кирүүчү аралыгы 45,0 см ден кем эмес жана созулган бут үчүн аралык 65,0 см ден кем эмес болушу керек;

- жумуш креслосу көтөрүлүп-бурулма болуу менен отургучтун бийиктиги, отургуч менен жөлөнмө артынын бурчу жана отургучтун алдыңкы четинен алыстыгын отуруп иштөөгө ыңгайлатуу үчүн жөнгө салуучу механизми болушу керек;

- жумуш орду туурасы 30,0 см ден, терендиги 40,0 см ден кем эмес болгон, бийиктиги 15,0 см ге чейин жеткен, өйдө-ылдый жылдырып жөндөөгө мүмкүнчүлүгү бар болгон бут коймосу орнотулуп жана анын бут таманына таяныч бетинин жантайыш бурчу 20 градуска чейин ылайыкташтырылган таянгыч менен жабдылууга тийиш. Бут таянгычтын беттери одуракай жасалып жана анын алдыңкы четинде бийиктиги 1,0 см болгон таканычы бар болушу керек;

- персоналдык компьютери бар жумуш орду оңой жылдырылма документ салынгыч менен жабдылышы керек.

1.8. Компьютерлери бар бөлмөлөрдүн аэроиондук факторун нормалдаштыруу үчүн, бөлмөдө аба чөйрөсүнүн иондук режимин автоматтык жөнгө салуучу аппаратты колдонуу керек.

1.9. Аялдарга кош бойлуу болуп калган учурда жана эмчек эмизүү мезгилинде компьютерлерди колдонууга байланыштуу жумуштардын бардык түрлөрүн аткарууга жол берилбейт.

## 2. Ишти (сабакты) баштоонун алдында коопсуздуктун талаптары.

2.1. Жумуш ордун даярдаңыз;

2.2.Жумуш ордундагы жарыкты тууралаңыз, экранда жаркыроо жок экендигин текшериңиз.

2.3.Жабдуунун электр тармагына туура туташуусун текшериңиз.

2.4.Электр зымдарынын иштешин жана зымдардын жылаңач жерлеринин жоктугун текшериңиз.

2.5.Тутум блогунун, монитордун жана коргоочу экрандын жерге туташтырылгандыгын текшериңиз.

2.6. Монитордун экранынын жана коргоочу экрандын бетин антистатикалык чүпүрөк менен сүртүңүз.

2.7. Компьютердин элементтеринин жайгашкан жерлери эргономиканын талаптарына ылайык келиши жана иштеп отуруунун ыңгайсыз болушунан дененин чыңалуусунун узак мөөнөттөргө созулуусун жок кылуу үчүн стол, отургуч, бут таянгыч, жылып жүрмө отургуч, экрандын кыйшаю бурчу, клавиатуранын абалы, мыштын туура орнотулуп иштегени текшерилип, зарыл болсо жөндөп койуңуз.

## 3. Жумуш (сабак) учурунда коопсуздуктун талаптары.

3.1. Кызматкерге персоналдык компьютерде иштеп жатканда тыюу салынат:

- компьютер электр кубаттуулугуна кошулуп турганда тутум блогунун арткы панелине тийбеңиз;

- компьютер иштеп жатканда периферриялык түзүлүштөрдүн интерфейс кабелдеринин туташтыргычтарынын разъемдорун которбоңуз;

- системалык блоктун, монитордун, клавиатуранын, дисководдун, принтердин жана башка түзүлүштөрдүн жумушчу бетинин нымдалуусуна жол бербеңиз;

- жабдууларды өзүңөр ачпаңыз жана оңдобонуз;

- жабуулары чечилип алынып салынган компьютерде иштебеңиз;

- шнурду бир колуң менен кармап алып, жабдууну электр тармагынан ажыратып, электровилканы кыймылдатып жулуп сууруп чыгарбаңыз.

3.2. Эс алууга тыныгуусу регламенттелбеген компьютер менен үзгүлтүксүз иштөөнүн узактыгы 2 сааттан ашпоого тийиш. Тыныгуу ар бир саат сайын 15 мүнөт убактысы аркылуу жүзөгө ашырылат.

3.3. Нервдик-эмоционалдык чыңалууну, көрүү анализаторунун чарчоосун азайтуу, гиподинамиканын жана гипокинезиянын таасирин жоюу, познотоникалык чарчоонун өнүгүшүн алдын алуу максатында жөнгө салынган тыныгуулар учурунда көнүгүүлөрдүн комплекстерин аткарыңыз.

## 4. Өзгөчө кырдаалдарда коопсуздук талаптары.

4.1. Электр зымдары үзүлүп, КЗ жана башка бузулуулар, күйүп кетүү жыты пайда болгон бардык учурларда электрди токтоосуз өчүрүп, авариялык абал жөнүндө жетекчиге кабарлаңыз.

4.2. Көйгөйлөрдү чечмейинче жумушка киришпеңиз.

4.3. Жаракат алганда жана күтүлбөгөн жерден ооруп калганда дароо жетекчиге кабарлап, дарыгерге чейинки биринчи жардамды уюштуруп, тез жардам чакыруу керек.

## 5. Жумуштун (сабактын) аягында коопсуздук талаптары.

5.1. Компьютерди өчүрүп, иштөө үчүн керексиз шаймандарды кубатсыздандырыңыз.

5.2. Жумуш ордун иретке келтирүү керектигин унутпаңыз.

Эс алуу үчүн көз жана манжа көнүгүүлөрүн жасаңыз.

**Кафедра башчысы** ______________

**Макулдашылды:**
**КТЭК жана жарандык коргонуу бөлүмүнүн башчысы** **Мусакожаев З.Т.**

5

Макулдашылды
Биринчи Май райондук
өзгөчө кырдаалдар бөлүмүнүн башчысы
подполковник У.Чоконбаев

“____”__________________2023 ж.

БЕКИТЕМ
И.Раззаков атындагы КМТУнун
Ректору М.Чыныбаев

“____”__________________2023 ж.

**Кафедрада (Бөлүмдөрдө) өрт коопсуздугун**
**алдын алуу үчүн**
**НУСКАМА**

• Кафедра (Бөлүм) башчысы бөлүмдөгү өрт коопсуздугунун абалы үчүн толук жоопкерчилик тартат, өрт коопсуздугунун режиминин сакталышын камсыздайт, өрт коопсуздугуна жооптуу адамдарды дайындайт. Кафедра (Бөлүм) башчысы БАРДЫК өрт өчүрүүчү алгачкы каражаттар менен камсыз кылуу жана аларды дайыма даярдыкта кармап туруу үчүн ЖЕКЕ ЖООПКЕР.

**Кафедранын (Бөлүмдүн) кызматкерлери төмөнкүлөргө милдеттүү:**

• Өрт өчүрүүчү жабдуулардын (өрт өчүргүчтөр, ж.б.) бар жогун тактоо;
• Ар бир кабинет үчүн өрткө каршы эскертүү сигналын жана өрт болгон учурда эвакуация жолдорун көрсөтүү менен өрт болгон учурга «эвакуация пландарын» иштеп чыгып, көрүнүктүү жерге илип коюулсун;
• Окуу имараттарда жана анын айланасындагы аймактардын санитардык абалына көз салуу, ачык отко жана тамеки тартууга тыю салуу;
• Өрт коркунучтуу суюктуктарды (өрттөнүүчү суюктуктарды) кабинеттерде, лабораторияларда, жер төлөлөрдө, имараттардын жанында сактоого тыю салуу;
• Жумушка киргенде жана мезгил-мезгили менен, жок дегенде 3 айда бир жолу, жумуш ордунда нускама өткөрүлүүчү журналына жазууларды киргизүү менен кызматкерлер менен жумуш ордунда өрт коопсуздугу боюнча тренингдерди өткөрүлүп турулсун.

Өрт болгон учурда өрттү көргөн ар бир кызматкер же студент төмөнкүлөргө милдеттүү:
• 101 же 112 телефондору боюнча нөөмөт бөлүмүнө өрттүн келип чыгышы жөнүндө билдирсин;
• Өрт чыккандыгы жөнүндө окуу имаратынын вахтадагы кароолчусуна билдирилсин;
• Бул бөлмөдөгү адамдарга өзгөчө кырдаал жөнүндө эскертилсин;
• Алгачкы өрт өчүрүүчү каражаттарды колдонуу менен өрттү өчүрүүнү улантылсын.

Кароолчу өрт тууралуу сигнал алгандан кийин, 101, 112 телефондору боюнча өрт өчүрүүчүлөрдү чакырууга милдеттүү. Бул тууралуу күзөткө, институттун директоруна, комендантка жана АЧИ проректоруна билдириши керек. Авариялык башкаруу системасы, өрт сигнализациясын күйгүзүлсүн, адамдарды жана мүлктү эвакуациялоо үчүн бардык авариялык чыгууларды дароо ачылсын.

Ар бир студент жана кызматкер өрт болгон учурга эвакуациялоо планын билиши керек жана окуу имаратында өрт коопсуздугунун талаптарын шексиз сактоосу зарыл.

**Китепканада өрт өчүргүчтөрдү сактап коюунун жана колдонуунун тартиби:**

Өтмөктөрдөгү өрт өчүргүчтөр адамдардын коопсуз эвакуацияланышына тоскоол болбошу керек. Өрт өчүргүчтөрдү жайлардан чыгуучу жерлерге жакын жерде, полдон 1,5 метрден ашпаган бийиктикте гана коюу керек.

**ОП-5 өрт өчүргүчтөрдү колдонуу эрежелери:**

• Порошок ОП-5 өрт өчүргүч катуу, суюк жана газ түрүндөгү заттардын, 1000 В чейинки чыңалуудагы электр орнотмолорунун (А, В, С, Е классындагы өрттөрдү) өрттөнүшүн өчүрүүгө арналган;

• Өрттү 2 м алыстыктагы аралыктан өчүрүү керек;

• Чыңалуудагы электр жабдууларын өчүрүүдө өрт өчүргүчтүн раструб же корпусун 1000 В чыңалуудагы ток өткөрүүчүнүн ачык бөлүктөрүнө 1 метрден жакын алып барууга тыю салынат;

• Жарактуулук мөөнөтү – 1-15 с.

**ОП-5 өрт өчүргүчтү иштетүү тартиби:**

Эгерде объект күйүп баштаса, анда төмөнкүлөрдү аткаруу керек:

- пломбаны сындыруу менен төөнөгүчтү сууруп сал;
- тутукту кармап алып рычагды бас;
- өрт өчүргүчтөн чыккан агымды жалындын четине багытта.

**ОУ-5 маркасындагы өрт өчүргүчтү колдонуу эрежелери.**

ОУ тибиндеги көмүр кычкыл газдуу өрт өчүргүчтөр электр зымдарынын, кабелдерининн, электр түзүлүштөрүнүн майда өрттөрүн өчүрүүгө арналган (чыңалууну өчүргөндө гана өчүрүүгө колдонулат):

• зыянга учураган өрт өчүргүчтөрдү колдонулбасын (корпус мырыйган ж.б.);

• өрт өчүргүчтөрдү ыргытууга болбойт, аларды сактоого бекиткичтери бар атайын кутуларда гана уруксат берилет;

• өрт өчүргүчтөрдү жылытуучу приборлордун жанында сактоого тыюу салынат.

**ОУ-5 өрт өчүргүчтү иштетүү тартиби:**

• өрт өчүргүчтү туткасынан кармап, раструбду өрт болуп жаткан тарапка багытта;

• өрт өчүргүчтүн вентилин сааттын жебесине каршы айлантып ачуу керек;

• эксплуатация учурунда (раструб аркылуу карга окшогон көмүр кычкыл газынын чыгышы), колуңду үшүтүп албас үчүн раструбга тийгизип кармоого тыю салынат.

**КТЭКЖКБ башчысы** **З. Т.Мусакожаев**

**Макулдашылды:**

**Профсоюздук уюмдун төрайымы** **А. А. Абылаева**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ИЛИМ, ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ
ЖАНА ИННОВАЦИЯЛАР
МИНИСТРЛИГИ

И. РАЗЗАКОВ атындагы
КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК
ТЕХНИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ

МИНИСТЕРСТВО НАУКИ,
ВЫСШЕГО ОБРАЗОВАНИЯ
И ИННОВАЦИЙ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ
ТЕХНИЧЕСКИЙ УНИВЕРСИТЕТ
им. И. РАЗЗАКОВА

# БУЙРУК
# ПРИКАЗ

3-ноябрь 2025 №1/246

Бишкек ш.
г. Бишкек

“Өрт жана техникалык коопсуздукту
камсыздоо жөнүндө”

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 22.08.2018-ж. № 381 “Кыргыз Республикасынын өрт коопсуздугунун эрежелери” Токтомуна ылайык университеттин аймактарында, окуу корпустарында жана жатаканаларда өрткө каршы ченемдердин талаптарын сактоо жана камсыздоо максатында **буйрук берем:**

1. Университетте өрт коопсуздугун алдын алуу жана өрт чыккан учурда өрттү ыкчам өчүрүү жана алгачкы өрт өчүрүү каражаттарын колдонууну жана көндүм ыктарын үйрөнүүнү, окуу процессинде катышуучулардын коопсуздугун камсыздоону, материалдык жана маданий байлыктарды мүмкүн болуучу жоготуулардан сактап калуу боюнча уюштуруу иштерин жүргүзүү үчүн төмөндөгү кызматкерлер жооптуу болуп дайындалсын:

- ***Жалпы университет боюнча:***

Кыдыков А. А. - башкы инженер;
Абдымомунова З. А. - административдик чарба бөлүмүнүн башчысы.

- **Окуу корпустары жана жатаканалар боюнча:**

№ 1 окуу корпусу жана анын аймагы – комендант Ниязова Г.А.;
№ 2 окуу корпусу жана анын аймагы – комендант Шатманалиева Г.М.
№ 3,4,5 окуу корпустары жана аймагы - комендант Бекбоева Д.;
№ 9 окуу корпусу - комендант Өмүралиева Б.М.;
№ 10 окуу корпусу – комендант Байсеитова Ч.С.;
№ 11 окуу корпусу – комендант Абдымомунова З.А.;
№ 11,12,13 окуу корпустары жана аймагы – комендант Дюшеев С.К.;
№ 1 жатакана жана анын аймагы – комендант Жумабаева М.Т.;
№ 2, 3, 4 жатаканалар жана алардын аймагы – комендант Арзымбаева Д.Т.;
№ 5, 6 жатаканалар – комендант Нишанова Ж.М.;
№ 7 жатакана – комендант Бозолаев Т.Ш.;
№ 8 жатакана – комендант Аскарова Р.Т.

- **Институттар, жогорку мектептер, борборлор, бөлүмдөр боюнча:**

Транспорт жана робототехника институту – директор Маткеримов Т.Ы.;
Маалыматтык технологиялар институту – директор Кабаева Г. Дж.;
Технологиялык институт – директор Рысбаева И. А.;
Энергетикалык институт – директор Калматов У. А.;
Электроника жана телекоммуникациялар институту- директор Сагымбаев А. А.;
Кыргыз-герман техникалык институту – директор Усупкожоева А. А.;
Эл аралык логистика жогорку мектеби – директор Уметалиев А. С.;

Н. Исанов атындагы КИКИ - директор Болотов Б. Т.;
Архитектура жана дизайн институту – директор Кожобаева С. Т.;
Экономика жана бизнес жогорку мектеби - директор Сыдыкова Ч. К.;
Академик Ү. Асаналиев атындагы КТМИ - директор Абдиев Р. А.;
Политехникалык коллеж – директор Турусбекова Н. К.;
Орто кесиптик билим берүү (Коллеж) – директор Дербишева Э. М.;
Тоо-кен техникалык коллежи- директор Аракеев М. У.;
Бишкек техникалык коллежи- директор Келебаев К. К.;
Лицей – директор Иргебаева М. Н,;
Токмок ш.филиал – директор Койчуманова Ж.М.;
Кара-Балта ш. филиал – директор Калчороев А.К.;
Кара-Көл ш.филиал – директор Абдурахманов С.К.;
Кызыл-Кыя ш. филиал –директор АмировТ.К.
"Технолог" окуу-өндүрүш борбору - директор Коджегулова Д. А.;
"Политехник" спорт клубу- төрага Осмонов Э. М.;
"Автотранспорт окуу илимий техникалык борбору" – директор Кадыров Э. Т.;
№ 1 Студенттерди тейлөө борбору – директор Касымалиева Ж.У.;
№ 2 Студенттерди тейлөө борбору – башкы адис Саякбаева Ж. Б.;
№ 3 Студенттерди тейлөө борбору – башкы адис Тугелбаева С. С.;
FAB LAB – директор Tihwa Tung;
"Политехник" ашканасы - директор Джайылмышов О.;
Чыгыш өндүрүштүк аянты – директор Иманбеков Т.;
Борборлордо – борбордун директору;
Бөлүмдөрдө – бөлүм башчылары.

2. Окуу имараттардагы жана жатаканалардагы ар бир бөлмөдө, кабинет, аудитория, лаборатория, компьютердик класс, китепкана, архив, кампа, чеберкана, устаканаларда эмгекти коргоо .жана өрт коопсуздугу боюнча жооптуу кызматкер бекитилсин.

3. Кызматка кабыл алынганда техника коопсуздугу боюнча жана өрткө каршы баштапкы нускамадан өтүү КТЭКЖК бөлүмүнө жүктөлсүн.

4. Институттардын, жогорку мектептердин, коллеждердин, лицейдин директорлору, кафедралардын жана бөлүмдөрдүн башчылары өздөрүнө тиешелүү бөлүмдөрдө:

- эмгекти коргоо, техника жана өрт коопсуздугу боюнча жоопкер кызматкерлерди (кафедраларда – кафедра башчысы, бөлүмдөрдө - бөлүм башчысы) дайындашсын;

- буйрук чыккан күндөн баштап 10 күндүн ичинде төмөнкү форма боюнча өрт коопсуздугуна жоопкер кызматкер тууралуу маалымат КТЭКЖК бөлүмүнө берилсин:

Форма 1

| № | Аты-жөнү | Кызматы | Бөлүмдүн аталышы | Аудитория, бөлмөнүн номери | Уюлдук тел. номери |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | |

5. Техника коопсуздугу жана өрт коопсуздугун камсыздоо боюнча жооптуу кызматкерлер төмөндөгүдөй иш чараларды аткарышсын:

- кызматкерлер менен студенттердин арасында өрт коопсуздугунун эрежелеринин сакталышын жана өрт коопсуздугу боюнча нускаманын аткаралышын камсыздап жана көзөмөлгө алышсын;

- студенттер жана кызматкерлер үчүн иш ордундагы нускаманы өз учурунда өткөрүүнү камсыздашсын;

- баштапкы өрт өчүрүү каражаттарын сактоону жана максаттуу түрдө гана колдонуу көзөмөлгө алынсын;

- эвакуациялык жолдордо, эвакуацялык жана авариялык эшиктердин (каалгалар) босоголорунда (алардын ичинде фойе, вестибюль, холл, өткөөлдөр, коридорлор, тепкичтер жана тепкич жайгашкан аянтчалар, эвакуациялык люктар, каалгалар) тез арада чыгып кетүүгө тоскоолдук жаратуучу ар түрдүү эмерек, буюмдар, жабдуулар, өндүрүштүк таштандылар, калдыктар ж.б. топтолбосун;

- авариялык сыртка чыгуучу эшиктердин өрт коопсуздугунун талаптарына ылайык дайыма жооп бериши көзөмөлдө болуп, муктаждык жаралып калганда ачылып жабылышы камсыздалсын;

- ар бир бөлмөдө өрт коопсуздугу боюнча эреженин эскертмеси жана жоопкер кызматкердин аты жөнү жазылган тактача көрүнүктүү жерде илинип турсун;

- жатаканалардын бөлмөлөрүндө коопсуздук техникасы боюнча жоопкер адам бекитилип, анын аты-жөнү жазылган баракча менен чогуу өрт коопсуздугунун эрежелери (өрт башталганы билинип эвакуация жарыяланары менен эмне кылуу керектиги туралу көрсөтмө жана сыртка алып баруучу эвакуация жолу менен жакын жердеги өрт өчүрүү үкөгүнүн орду көрсөтүлгөн жекече эвакуация планы) жазылган Эскерткич бөлмөнүн каалгасынын ички бетинде көрүнөө илинип турсун;

- чатырдын люктарынын, электр щиттердин, желдетүүчү камералардын эшиктери дайыма кулпулануу болуп, эшик бетинде ачкыч сакталып турган жайдын дареги көрсөтүлгөн Эскерткич көрүнө илинип турсун;

- вахтадан алыс жайгашкан бөлмөлөрдүн бирден ачкычы, керек болуп калган учурда, тез табылышы үчүн жакын жерде сакталышы камсыздалсын;

- бардык бөлмөлөрдүн ачкычтарынын бир экземпляры корпустардын вахтасында дайыма сакталып турушу камсыздалсын;

- жер төлөнүн (подвал) кире бериштеринде бөлмөлөрдүн жайгашуу схемасы илинип турсун;

- бөлмөлөрдө санитардык-эпидемиологиялык талап, ченем жана гигиеналык шарттар сакталышы дайыма камсыздалып турсун;

6. Техника коопсуздугу жана өрт коопсуздугун камсыз кылуу боюнча иш чараларын көзөмөлдөө КТЭКЖК бөлүмүнө жүктөлсүн.

7. Камсыздоо түйүндөрүнүн техникалык абалдары, иштөөсү жана талаптагыдай колдонуп пайдалануу үчүн жоопкерчилик төмөнкү кызматкерлерге жүктөлсүн:

- желдетүү, жылуулук берүү, ички өрт өчүрүүгө колдонулуучу суу түтүктөрү (пожарный шкафтар менен жогорулатуучу суу бүркүчтөрдүн техникалык абалдары менен курамы):
  Асфандияров Р.Ю. - 1-кампус; Азобаев Р. 2-кампус; Турусбеков Э.Ш. - 3-кампус.
- электр орундамалары жана электр түйүндөрү үчүн энергетика боюнча:
  Өзүбеков К. 1,3- кампустар; Бейшекеев Т. И. 2-кампус.

8. КМТУнун 24.09.2024-ж. № 1/197 "Өрт жана техникалык коопсуздугун камсыздоо жөнүндө" буйругу колдонуудан алынсын.

9. Буйруктун аткарылышын көзөмөлдөөнү АЧИ боюнча проректор А.Т.Асиевге жүктөлсүн.

Негиз: КТЭКЖК бөлүм башчысынын билдирүүсү.

Ректор М. К. Чыныбаев

УИБ башчысы А. Ж. Исраилов